**Ош мамлекеттик университетинин ординаторлордун ординатурасын өткөрүү боюнча**

**№ 6 К Е Л И Ш И М**

**Ош шаары «21» 05 2021-ж.**

Биз, төмөндөгүчө кол койгондор Ош мамлекеттик университети, мындан ары «ОшМУ», ОшМУнун Уставынын негизинде жана

Ноокен ЦОВП

жетекчиси жана Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 11.12.2017 ж. №798 токтомунун негизинде "Кыргыз Республикасындагы медициналык дипломдон кийинки билим берүү" жана Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министирлигинин 04.09.2018ж. № 630 буйругу менен бекитилген ординатура боюнча жобосунун негизинде, ОшМУординатураны өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү:

**1. «Мекеме – ишканасы» милдеттенет:**

1.1. Ординаторлордун ординатурасын өткөрүүгө уруксат берүү;

1.2. Ординаторлорго алдыңкы тажрыйбалуу адистерди насаатчы кылып бекитип берүү;

1.3. Илимий усулдук иштерди бирдикте аткаруу;

1.4. Ординаторлор акы төлөнүүчү жумуш ордуна жана кызматка кабыл алынгандан баштап ага ишканада колдонулуучу жалпы эмгек мыйзамдары, эмгекти коргоонун эрежелери жана ички эмгек тартибинин сактоонун эрежелери, алар менен белгилүү тартипте таанышкандан кийин, колдонуу;

1.5. Ординатурасынын аягында ар бир ординатордун аткарган жумушуна жана ал даярдаган эсеп-кысаптын сапатына мүнөздөмө берүү.

**2. «ОшМУ» милдеттенет:**

2.1. Дипломдон кийинки медициналык билим берүү факультетинин кафедралары адистиктер боюнча окуу планын сунуштайт.

2.2. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте ишканадагы жетекчилеринин жана адистердин эмгек акыларын төлөйт;

2.3. Илимий усулдук конференцияларды биримдикте өткөрөт;

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КР эмгек мыйзамдарынын негизинде ординатураны өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жооптуу;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан «ОшМУ», экинчи тараптан «Мекеме – ишкана» кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 2021-жылдан 2026-жылга чейин;

3.5.Эгерде тараптар келишимдин түзүлгөн мөөнөтү бүткөнгө чейин 30 күн мурун келишимди токтотуу жөнүндө жазуу түрүндө билдирбесе, анда бул келишим 5жылдык мөөнөткө жана ошол эле шарттар алдында узартылган болуп эсептелет.

3.6. Келишим эки нускада түзүлгөн, бири «ОшМУ»да, экинчиси «Мекеме – ишкана» сакталат.

Юридикалык дареги: Ош мамлекеттик университети: 723500, Ош шаары, Ленин көчөсү 331.

ОшМУнун ректору
проф. Кожобеков К.Г.:

«21» 05 2021-ж.

Мекеме-ишкана

Ноокен ЦОВП
Досумбекова А.И.

«21» 05 2021-ж.

Тел. 0771773219